# ҮЙ-БҮЛӨДӨ ЖАШ МУУНДАРДЫН ЖАЛПЫ МАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**КОЖАКАНОВА Г.Э.**

*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*
**УДК 37.018.1**

***Аннотация:*** *Макалада үй-бүлөдө жаш муундардын жалпы маданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу көйгөйлөрү каралган, ошону менен бирге ата-эне менен тарбиячынын иштеринин түрлөрү чагылдырылган.*

***Аннотация:*** *В статье раскрывается сущность проблемы формирования общекультурной компетентности молодого поколения в семье, отражаются виды работ воспитателя с родителями.*

***Abstract:*** *The article reveals the essence of the problem of formation of common cultural competence of the younger generation in the family, recognized educator jobs with parents.*

***Key words:*** *family, cultural competence, especially nations, the purity of language, style of pedagogical communication, competence approach, raising the moral personality.*

***Ключевые слова:*** *семья, культурная компетентность, особенности наций, чистота языка, стили педагогического общения, компетентностный подход, воспитание нравственной личности.*

***Урунтуу сөздөр:*** *үй-бүлө, маданий компетенттүүлүк, улуттун өзгөчөлүгүү, тилдин тазалыгы, педагогикалык барлашуунун стилдери, компетенттүү мамиле, адеп-ахлактуу инсанды тарбиялоо.*

Тарыхта эчен кылымдар бою муундан-муунга өтүп сакталып келаткан кыргыз элинин маданий байлыктары, психологиясы, педагогикалык ойлору - руханий байлыктын мыйзамченемдүү көрүнүшү.

Бир улуттун башка улуттан өзгөчөлөнгөн айырмасы - анын тили, дини, үрп-адаты, салт-санаасы, кулк-мүнөзү, жүрүш-туруш психологиясы экени белгилүү. Ал эми азыркы кезде улуттук сана-сезим ойгонуп, улуттук психологияны окутуу, улуттук педагогикага ылайыктуу тарбиялоо иштери -коомдо чоң милдетти коюп олтурат. Ушул коомдун бир бөлүгү болгон, бала үчүн турмуштун алгачкы институту - үй-бүлөнүн милдети өзгөчө. Үй-бүлөдө балдардын жалпы маданиятын тарбиялоодо ата-эненин психология-педагогикалык жактан билимдүү болуусу зор мааниге ээ. Өз алдынча чамгарак көтөрүп, үй-бүлө курган жаштар улуттук салт-санааларды түшүнбөй, ата-тегин жете билбей калууда. Түрдүү себептерге байланыштуу адамдык сапаттарын бузуп алган кээ бир ата-эне баланын тарбиясына кош көңүл кароодо. Балдарды тарбиялоо маселесине көп эле окумуштуулар көңүл бөлгөнүнө карабай, жаш муундардын жалпы маданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселеси, анын өзгөчөлүктөрү дагы эле тийиштүү изилдене элек. Баланы инсан катары калыптандырууда жалпы маданияттын мааниси өзгөчө.

Жаш муундардын жалпы маданияттын үй-бүлөдө китеп окуп берүү, балдар үчүн жазылган аңгемелерди, жомокторду, журналдарды окуу, ыр жаттатуу, кинотеатрларга, музей, көргөзмө, паркка алып баруу менен калыптандырса боло тургандыгын У.И.Ауталипова (1996) өзүнүн сунушунда белгилеген:

- ата-энелерада бий чыгармаларды балдардын жашына карата тандоо;
- балдарга арналган теле көрсөтүүлөрдү бала менен бирге көрүү, угуу;
- жалпы маданияттуулукта баланын кыймыл-аракетине, жүрүм-турушуна көнүл бөлүү;
- ата-эне, туугандарын, чоң кишилерди сыйлоо, урматтоо;
- жалпы маданияттуулукта ата-эне өзүнүн сүйлөө тилине, сүйлөө манерасына көңүл бөлүү сыяктуу маселелерди атаган [1].

Үй-бүлө өзү жашаган коомго, этноско, социалдык топко ылайыктуу болгон тарыхый, маданий өзгөчөлүктөрдү, турмуштук багыттарды, ой-максаттарды ишке ашыруунун жолдорун өздөштүрүүгө аракеттенет. Ал эми үй-бүлөлүк тарбиянын негизги максаты болуп, баланы келечекте ата-энесинин тилегениндей, оюндагыдай, коомго пайда келтирген, ар тараптан өнүккөн, адеп-ахлактуу инсанды тарбиялоо, турмушка даярдоо эсептелет.

Ушундай багыттагы таалим-тарбия, маданияттуу жылуу мамиледе болуу баланын пренаталдык (түйүлдүк) өнүгүү кезинде башталып, мектепке чейинки мезгилде өтө тез өсөт. Бул маселе тууралуу Москва шаарында өткөрүлгөн «Азыркы мезгилдеги перинатологиянын медико-психологиялык аспектилери» деген темадагы илимий-практикалык конференцияда (1998, 1999, 2001) каралган. Андан тышкары көптөгөн жерлерде пайда болгон ар түрдүү уюмдарда, бирикмелерда каралып, негизги максаты катары - келечектеги эне менен бөбөктүн дене, психологиялык өнүгүүсү туулганга чейин эле жагымдуу жагдайда өтүүсү жалпы маданияттуулукта калып-танышын белгиленген.

Базар экономикасы өрүш алган кезде жеке инсандык руханий өнүгүүсү эмес, материалдык байлыгынын өнүгүүсүнө көбүрөөк көңүл бөлүнүп жатканы өкүнүчтүү. Көпчүлүк ата-эне: «биздин милдет баланын тамагы менен кийимин камсыз кылуу, ал эми тарбия иши - балабакча менен мектептин иши» - деп келишкен. Азыркы убакта ата-энелердин көпчүлүгү оокат кылуу үчүн жанталашып үй жумуштарында, соода иштеринде керели-кечке болгондуктан, баланын тарбиясына көңүл бурулбай калууда. Кичинекей бөбөктөр чоңураактарынын же чоң ата, чоң энелеринин колунда калып, алар көбүнчө курсагы ток болсо эле болду деген аракет менен баланын өнүгүүсүнө көп көңүл бөлүшпөйт.

Баланын психикалык жактан туура калыптануусу, ата-эненин эмоциялык жалпы маданият түзүүсүнө байланыштуу болоорун эске алышыбыз керек. Бул маселе психологиялык-педагогикалык адабияттарда кенен жана толук изилденген. Мектепке чейинки курак - өсүүнүн жана өнүгүүнүн эң негизги мезгили экенин эстен чыгарбоо керек. Кароосуз калган бала кечке чейин ойноп, көчөдө жүрө берет же көгүлтүр экрандан түрлүү, жашына ылайык эмес көрүнүштөрдү көрүп калыптана баштайт. Азыркы компьютерлешкен кезде маалыматтын көбүн туура алалбай интеллектуалдык өнүгүүсү да артта калышы мүмкүн. Себеби, бардык жерде компьютер жок. Бала өзүн кызыктырган суроолорго жоопту бир туугандары, ата-энесинен башка ар түрдүү массалык-маалымат берүүчү каражаттардан алаары белгилүү: радио, телекөрсөтүү, гезит, журнал, андан калса курбу-курдаштарынан алат. Бүгүнкү акселерация (баланын тез өсүүсү) мезгилинде баланын тажрыйбасы менен билими көп кыйынчылыктарга жана каталыктарга дуушар болушу мүмкүн.

Азыркы кезде Республикада жашап жаткан улуттардын, өзгөчө орус элинин таасири астында шаарда жашаган, облус же райондук борборлордо орус манерасындагы сөздөрдү колдонуп, ата-энесин «аташка», «апашка», «мама», «папа», «братишка» ж.б. кирме сөздөр менен айтып айтып, улуттук тилдин тазалыгын сактабаган үй-бүлө да аз эмес.

Окумуштуу Е.И.Тихеева баланын калыптануусу анын жекече инсандык өнүгүүсүн менен байланыштуу, белгилүү бир социалдык чөйрөдө, турмуштук байланыштар менен иш-аракет аркылуу өнүгөөрүн көрсөткөн. Ар бир бала айлана-чөйрөдөгү нерселерди үйрөнүү, анын аттарын билүү сөздү өздөштүрүү аркылуу өнүгөт. Жалпы маданий компетенттүүлүктү бала чондор менен ар кандай жаштагы адамдар менен да сүйлөшүүдө сөз байлыгы артып, түшүнүгү кеңейет. Ал эми 3 жашка чейин тендүү балдар менен баарлашууда сүйлөө тили анча өнүкпөгөнүн эске алуу керек деген. Окумуштуу тарбиячынын сөзүнө да чоң маани берген, себеби ал балдар менен дайыма сөз аркылуу байланышта болот. Е.И.Тихееванын бул айткан сөздөрү азыр да маанисин жоготкон жок[5].

Жаш муундардын чыгармачылык өнүгүүсү тилинин өсүшү менен байланыштуу экенин дагы бир атактуу педагог Е.А.Флерина изилдеген[7]. Ал баланын тилинин

өнүгүүсүнүн бирден бир каражаты-аңгемелерди, жомокторду, көркөм чыгармаларды окуу жана оюн, сүрөт тартуу аракеттери аркылуу өнүгөт. О.И.Соловьева баланын тилинин туура калыптануусун изилдеп, өз салымын кошту. Анын «Балабакчадагы эне тили» деген методикалык көргөзмөсү, автордун көп жылдык тажрыйбасынын негизинде, балабакчанын ар кайсы тобунда сүйлөө тилин өнүктүрүү боюнча кеңештерин берген.С.Л.Рубинштейндин окуучусу, тил маселесинин тажрыйбалуу методисти, лингвист Ф.А.Сохин баланын тилинин өнүгүүсүнүн психологиялык жактарын изилдеген. Ал баланын тилинин өнүгүүсү айлана-чөйрө менен тааныштыруу деп бир аспекте кароого мүмкүн эмес деген. Баланы окутуу жана тарбиялоо аркылуу өнүктүрүү маселесин баса белгилеген. Е.А.Флеринанын окуучусу М.М.Конина баланын тыбыштарды туура айтуу маданиятын тарбиялоого көңүл буруп, көркөм чыгармаларды пайдалануу менен алардын тилинин өнүгүшүн илимий негизде далилдеген. Баланын тилинин өнүгүүсүн акыл-ойдун өсүшү менен байланыштырып караган В.И.Логинова, А.М.Бородич, Г.М.Ляминалар балабакчада иштеген тарбиячылар үчүн окуу куралы катарында «Баланын тилин өнүктүрүү методикасы» деген методикалык колдонмону сунуш кылышкан.

Психолог Н.Н.Палагина өзүнүн эксперименталдык изилдөөсүнүн негизинде баланын элестетүүсүнүн жана чыгармачылыгынын өнүгүүсүнө сөз (речь) - сүйлөө речинин маанисин белгилеген. Балдар кызыктуу жомокторду, аңгемелерди окуп, эмоционалдуу түрдө айтып берүү менен чектелбей, өз алдынча каармандардын образын түзүүгө аракеттенүүсүн ата-эне, чоңдор колдоп, иш-аракетин, сөз байлыгын өстүрүүгө жардам берүүсү тийиш [4]. Жогоруда айтылган теориялык изилдөөлөрдүн негизинде, биз тил маданиятынын критерийлерин иштеп чыгууга аракеттендик. Ага биз төмөнкү белгилерди сунуштадык.

- Тилдин тазалыгы
- Тилдин тактыгы
- Тил логикасы
- Тилдин түшүнүктүүлүгү
- Тил манерасы

Ар бир белгиге кененирээк түшүнүк бере кетели.

Тилдин тазалыгы - сүйлөгөндө адабий тилге туура келбеген, сөздү булгаган, мааниси жок, жаргон же паразит сөздөрдү колдонбоо. Тилдин тактыгы - айта турган оюн, айлана-чөйрөнүн коөздүгүн сүрөттөп так берүү. Сөз байлыгы кенен, тилди так сүйлөгөн адам кыйналбай өз оюн башкага ачык, анык билдирет. Тилдин логикасы - сүйлөөчүнүн тили менен оюнун бирдиги. Тилдин логикалык түзүлүшүнө синтаксис белгилери, керектүү жерге тыныгуу, так билдирүү, ирети менен ачык сүйлөө кирет. Тилдин түшүнүктүүлүгү - сүйлөшкөндө колдонулган терминдердин түшүнүктүүлүгү, тактыгы. Тил манерасы (стили) - сүйлөгөн сөздүн адшдын ички сезими менен эмоциалык байланышы.

Бул көрсөтүлгөн тил маданияты үй-бүлөдө ата-эненин жүргүзгөн тарбиясы аркылуу калыптанаат. Америкалык окумуштуу А.Фромм бул тууралуу: «Үй- бүлө тарбиясы балага деген сый-урмат көрсөткөндө гана жакшы уюштурулат» - деген [6]. Ал эми жапандыктар: «Бала дүйнөгө келген конок» - дешет. Кыргыздар: «Бала бар жерде бакыт бар», «Бала бакыт» - десе, казактар: «Уулуңду беш жашка чейин падышаңдай көр...» дешет.

Ар бир этностун калыптануусунун негизи - анын оозеки жана жазма эне тили, баланын ойлоно турган тили да эне тили. Казак окумуштуусу С.М.Жакыпов азыркы кезде казак коому моноэтникалык (бир этникалык) жана полиэтникалык (көп же аралаш этникалык) болуп, - кайсынысы басымдуу болсо ошого жараша өнүгөт" – деген. Ушул көрсөтүү боюнча шаар жеринде жашаган жердин үй-бүлөдө баланын социалдык жактан өнүгүүсү полиэтникалык, ал эми айыл жергесинде жашаган балдар моноэтникалык болуп өнүгүп, тил жагынан өнүгүү, тил маданиятынын калыптануусу да ушул көрүнүшкө байланыштуу болору түшүнүктүү.

Сүйлөө маданиятын калыптандырмайынча акыл-ой маданиятын өстүрүү кыйын. Туура сүйлөө, туура ойлой билүү, адам башына кандай гана ой келбесин, аны

жыйынтыктап, туралап, ылайыктуу сөз менен айта албаса :сүйлөшүүгө да, угууга да түшүнүксүз болот. Орундуу, маданияттуу сүйлөө адамдын авторитетин көтөрүп,  жүзүн жарык кылып, көпчүлүккө жагат. Үй-бүлөдөгү ата-эненин уруш-талаш сөздөрү толук калыптанып бүтө элек балага терс таасир тийгизип, баланын психикасынын негативдүү өнүгүүсүнө шарт түзөт.

А.С.Макаренко үй-бүлө бала үчүн өзгөчө орун ээлерин баса белгилеген. Үй-бүлөдө ата-эненин өзүнүн жүрүш-турушу, бири-бирине болгон мамилеси, сый-урматы өтө маанилүү. Ата-эне бала үчүн жакшы көрүнүштөрдүн үлгүсү болушу керек. Үй-бүлөдөгү мамиле, тартип, режим бала үчүн үй атайын колдонулган ыкмалардан да көрүнөт деген люн айткан. Бүткүл өмүрүн айылдык мектепке арнаган устат, илимпоз жана тажрыйбалуу мугалим В.А.Сухомлинский балдардын ар тараптан өнүгүүсүнө айлана-чөйрөнүн таасири зор экенин көрсөткөн. Баланын мээримдүүлүгү, кичипейилдиги, боорукерлиги, адамгерчилиги айлана-чөйрөгө карата калыптанат, мындай шартты үй-бүлөдө ата-эне гана түзө алат деген улуу педагог. Е.А.Аркин ата-эне менен бала жыл мамиледе болуусу керек. Сүймөнчүктүү, урмат-сый, бири-бирин түшүнүү мамилеси баланын жүрүм-турумун гана эмес, акыл-эсин тарбиялап, билимдүү болушуна да шар түзөт деген. Бала ата-энеден башка адамдардын сөзүнө анча баа бербейт. Ал үчүн ата-эненин айткандары өтө баалуу. Алар “атам айтты”, “энем айтты” деп, өзгөчө 5-7 жаш чагында, ата-эненин айткан кептерине өзгөчө маани беришет. Бул тууралуу А.С.Макаренко:бала 5 жашында жакшы же жаман деген түшүнүктөрдүн 80% ата-энеден, калган 20% башкалардан үйрөнөт –деген [2].

Т.А.Маркова (1998) үй-бүлө тарбиясынын маанилүү экендигин белгилеген бир нече факторлорду атаган. Алар:

1. Үй-бүлөдөгү эмоционалдуу тарбия – жылуулуктун жана бактылуу балалыктын бирден-бир шарты;
2. Үй-бүлөдө ата-эне, ага-эже ж.б. үй мүчөлөрү менен узакка мамиле түзүлүп, алардын тарбиясын алууга толук мүмкүндүк бар;
3. бала кичинекейинен баштап эле колунан келген жумуштарга (турмуштук, эмгек, чыгармачылык, оюн) аралашуусу зарыл [3].

Жогоруда көрсөтүлгөн жалпы маданий компетенттүүлүктүн теориялык негиздерине таянып, биз үй-бүлөдөжаш муундардын жалпы маданий компетенттүүлүгүн калыптандыруунун түзүлүшүнүн үлгүсүн иштеп чыгышыбыз керек. Бул үлгүдө биз баланын жалпы маданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда үй-бүлө менен бакчанын тарбиялык ыкмалары, ата-эне менен тарбиячынын иштерин, алардын өз ара байланышын көрсөтүгө аракеттенишибиз керек.

Үй-бүлөдө баланын жалпы маданиятын компетенттүүлүгүн калыптандырууда ата-энелер өз тарбиялык иштеринде  төмөнкү сунуштар эске алышы керек:

- үй-бүлөдө бала менен жүргүзүлгөн жалпы маданий  мамилелешүүсү анын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата, психикасына байланыштуу маселелер  менен тыгыз жүргүзүлүүшүкерек;
- баланын жалпы маданиятын  өстүрүү максатында анын сүйлөө (тил) маданиятына көнүл буруу жанатилдин тактыгы, түшүнүктүүлүгү, тил манерасыж.б.у.с. түшүнүктөр менен байланыштырып кароо;
- баланын тарбиясы, анын өскөн чөйрөсү, улуттук өзгөчөлүгү менен байланыштуу экенин эске алып, тарбия берүүдө туулган жердин, ата-эненин, үй-бүлөнүн, салт-санаанын, үрп-адаттын үлгүсүнүн негизинде иш  жүргүзүүнү максатоо.

**Адабияттар:**


1. Ауталипова У.И**.**Психолого-педагогические проблемы в воспитаниидетей дошкольного возраста в условиях семьи /Новые подходы и путиобучения, воспитания, коррекции и интеграции детей с проблемами вразвитии. – Бишкек, 1998. – 9-13 с.
2. Макаренко А.С.Книга для родителей.-М., 1983. -358 с.
3. МарковаТ.А. Психология труда учителя. – М., 1993.- с. 180-190.

4. Палагина Н.Н. Воображение у самого истока, психологические механизмы формирования. - Бишкек: Илим, 1992.
5. Тихеева Е.И.Развитие речи детей (раннего и дошкольного возраста) // Под ред.Ф.А.Сохина. - М., 1981. - 5-изд.-159 с.
6. Фромм А. Азбука для родителей. - Лениздат, 1991.- 319 с.
7. Флерина Е.А. Эстетическое воспитание детей дошкольного возраста. В кн.: История советской дошкольной педагогики. Хрестоматия. –М., 1980.-303.